КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын
III-кезектеги сессиясынын
Токтому №4/8

2025-жылдын 27-марты

Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн карамагындагы бала бакчалардын бюджетиндеги спец.счетко кошумча план суроо жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн карамагындагы "Кызарт келечеги", "Кызарт", "Кызарт Таң-нуру", "Балалык уясы" жана "Ак-Жолтой Апа" бала бакчаларынын бюджетиндеги спец.счетко кошумча план суроо максатында айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы А.Түгөлбековдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жалпы бала бакчаларга жыл башында 1300 000 сомго план бекитилген. Жергиликтүү бюджеттен балдардын тамак-ашына акча каражаты бөлүнбөй калгандыктан жана азык-түлүккө болгон баанын жогорулаганынын негизинде бала бакчалардагы ата-энелерден ар бир бала үчүн төгүлө турган акча каражатынын көбөйтүлгөндүгү тууралу протоколдорду карап, 2 860 660 сом акча каражаты кошумча план болуп суралсын. Жалпы такталган план 4 160 660 сом.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

Төрага: Уланбек уулу Жыргалбек